КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЖЕТИ-ӨГҮЗ РАЙОНУ

ОРГОЧОР АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ЫСЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ДЖЕТИ-ОГУЗСКИЙ РАЙОН

МЕСТНЫЙ КЕҢЕШ
АЙЫЛНОГО АЙМАКА ОРГОЧОР

ОРГОЧОР АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕНЕШИНИН I- ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН №18 - КЕЗЕКТЕГИ СЕССИЯСЫ

ТОКТОМ

2026-жылдын 08-апрель №120 Оргочор айылы

“Тоголок” алтын кенин иштетүүгө электр аба чубалгысынын зым тирөөчтөрдүн орду жөнүндө

Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл Министрлигинин 2023-жылдын 4-августундагы №443-т тескемесине, Кыргыз Республикасынын Жаратылыш ресурстары, экология жана техникалык көзөмөл министрлиги тарабынан 2023-жылдын 8-августундагы жер казынасын пайдалануу укугуна алынган №7366 АЕ Лицензиясынын негизинде Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 24-беренесинин 8-пунктунун негизинде “Тоголок” алтын кенин казып иштетүүгө “Кумтөр Оперейтинг Компани” жабык акционердик коомунун 2026-жылдын 10-мартындагы чыгыш №01-5/125 каттын негизинде Оргочор жергиликтүү кеңештин сессиясы токтом кылат:

1. “Тоголок” алтын кенин иштетүүгө убактылуу мобулдук турак жай үйлөрү орнотулуп, кызматкерлер үчүн тиешелүү шарттар түзүлүп жатканы эске алынсын.

2. “Кумтөр Оперейтинг Компани” жабык акционердик коомунун Оргочор айыл аймагына караштуу зым тирөөчтөрдүн алдындагы жалпы аянты 2858 чарчы метр жерлерин ижарага берүүгө макулдук берилсин.

3. Ижарага “Кумтөр Оперейтинг Компани” жабык акционердик коому менен келишимдерди түзүү Оргочор айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Жусуповго жүктөлсүн.

4. Ушул токтомду Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетине караштуу Мамлекеттик кызмат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери боюнча мамлекеттик агенттигинин расмий веб сайтына жарыялоого тиешелүү электрондук иш кагаздарын жиберүүгө жана юстиция органына мамлекеттик реестрге киргизүү үчүн иш кагаздарын алып баруу жагы жергиликтүү кенешинин жооптуу катчысы Э.Тариеловага тапшырылсын.

5. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын айыл чарба маселелери жана финансы пландоо, бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө маселери боюнча туруктуу комиссияларына тапшырылсын.

Төрага **А.Тыныбеков**